№11 М.Куренкеев атындагы орто мектеби

# Сабактын темасы:

# Социалдык маселелердин курчушу. Ош коогаланы



Тарых сабагы

Сабактын темасы: **Социалдык маселелердин курчушу. Ош коогалаңы**

Сабактын максаты: **а)билим берүүчүлүк:**

Тема боюнча кыскача түшүнүк алышат.Негизги термин жана даталарды өздөштүрүшүп , себеп , натыйжа байланыштарын аныктай алышат.

**б)өнүктүрүүчүлүк:**

Термин , карта , класстер , хронология менен иштөөгө үйрөнүшөт жана логикалык ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт ошондой эле топто иштей алышат.

**в)тарбия берүүчүлүк :**

Абийирдүүлүккө , жоопкерчиликтүүлүкө , улуттук аң-сезимин өстүрүүгө , билимдүүлүккө жана алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланышат.

**Компетенттүүлүк:**

| **максаты** | **мазмуну** | **көрсөткүчтөр ( компетенттүүлүк)** |
|---|---|---|
| Билим берүүчүлүк | Негизги термин<br>Кылмыш , коогалаң<br>таксикомания | Аталган терминдердин маанисин , жыйынтыгы эмнеге алып келеерин түшүнүшөт. |
| Өнүктүрүүчүлүк | Карта менен иштөө | Карта менен иштеп , шаар жана мамлекеттерди көрсөтө алышат. |
| Тарбиялык | Билимге кызыгуусун арттыруу жана адептүүлүккө тарбиялоо | Билимге кызыгуусун көрсөтө алса М:суроо берсе айта алса, анализ жүргүзсө.<br>Жат көрүнүштөрдү жасабоого аракет кылышат. |



Сабактын жабдылышы:карта , ватман , сүрөттөр ,ТСО , таркатмалар , доска , бор ,маркер

Сабактын формасы: Топтор менен иштөө

Сабактын тиби : Жаңы теманы түшүндүрүү сабагы

Сабактын жүрүшү :Саламдашуу

| Сабактын жүрүшү | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучулардын ишмердүүлүгү | Баалоо |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу | Жагымдуу маанай тартуулоо (ишеним билдирүү ) | Окуучулар чынжырча түрүндө<br>бири-бирине ишеним | Дидактикалык Формативдик баалоо.3.4.5 |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>билдиришет.</td><td></td></tr>
<tr><td>Үй<br>тапшырманы<br>суроо</td><td>1-топ хронология<br>боюнча класстер<br>2-топ инсандар боюнча<br>класстер түзүү<br>3-топ Венндин<br>диограммасы менен<br>иштөө</td><td>1-топ<br><br><br>2-топ<br><br></td><td></td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 3-топ   | |
| Окуучулардын ишин актуалдаштыруу | Кайрадан топторго бөлүп алуу<br>1- Топ Коомдогу жат көрүнүштөр<br>2- Топ Жат көрүнүштүн кесепеттери<br>3- “Ош аймагы” | Окуучулар алдындагы карточ-<br>каларды бирден алып ,кайсы топко тиешелүү болсо ошол топко барып отурушат | |
| Жаңы тема | Мугалимдин тема боюнча кыскача | Алтын эрежени сактап, окуу- | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | түшүндүрмөсү , көрсөтмө куралдар жана слайд аркылуу коштолот. | чулар кунт коюп угуу менен теманы өздөштүрүшөт. | |
| Эс алуу убагы | Понтомимика оюнун ойноо. | Доскага чыккан окуучулар жашыруун сөздү кыймыл аракет менен үнсүз , сөззүз түшүндүрүшөт .<br>Жашыруун сөздөр:<br>1 Аракеч<br>2 Баңгилик<br>3 Коогалаң<br>4 Кылмышкер | |
| Бышыктоо | Мозайкалык оюн Кыргызстандын 7 областын топтоштуруу. Карточкадагы суроого жооп берүү.<br>1. "Ооруну жашырсаң өлүм ашкере кылат" макалдын темага байланышы<br>2. Аракечтикке каршы кандай чаралар көрүлдү?<br>3. Коомдогу жат көрүнүштөргө каршы жасалган аракет эмнеге алып келди.<br>4. Кылмыштуулуктун келип чыгыш себеби жана кандай кылмыштар катталган<br>5. 1990-ж 2- марттагы аксакал ардагерлер эмне максатта бийликке кат жазышты ?<br>6. 1990-ж 4- июндагы окуя ?<br>7. Улут аралык кагылышууну болдурбоо үчүн эмне | 1.Коомдогу кемчилдиктер-ди жаап жашыруудан келип чыккан пробле-маларды мисал кылсак болот .<br>2. Аракеч жана масчылыкка- каршы жогортон , адмнист-рациялык буйрукчул ыкма менен күрөш башталган. "сергектик зоналары " жарыяланган.<br>3. "Сергектик зонасын " жарыяланышы эл ичинде наркомания менен токси-комониянын жайылышына түрткү болду<br>4. Албетте коомдогу жат көрүнүштөр ; баңгиликтин кесепетинен кылмыштар көп катталган<br>Катталган кылмыштар :<br>-Адам өлтүрүүчүлүк<br>-Аялдарды кордоо зордуктоо<br>-Коомдогу жана жеке мал-мүлк-төрдү тоноо<br>5. Бул катта Ош областында- жашаган калктын жарымын | |

## Ош коогалаңы

Коомдогу пайда болгон маселелерди убагында чечилбегендиги башка тармактарга да залакасын тийгизген.

1990-жылы Ош шаарынын айланасында өз алдынча жер участкасын алып үй салуу максатындагы кыргыз жана өзбек улутунун жаштары чоң чатак чыгарышкан.

Бул эки улуттун жаштары 2 уюмга биригип алган .

Кыргыз жаштары “Ош аймагы”

Өзбек жаштары “Адоолат “

Бул жаштардын чатагын басып , үгүт – насаат айтуунун ордуна Ата-мекендик согуштун ардагерлери , эмгектин ардагерлери ырбатып жиберишкен.

1990-ж 2-мартта чоң талаптар менен бийликке кат жазышкан

Алардын талабы Ош областында калктын жарымын өзбек улуту түзөрүн жана алар учурда кысымда жашап жатканын билдирген жалган фактылар айтылат о.э. ошко автономия берүү талабын коюшкан. Чыр чатак күчөп отуруп 4-июнда талаштагы жер участкасында чогулушуп эки улуттун жаштары кандуу жаңжал башташат.

Кызуу кандуу жаштардын жаңжалын бийлик токтото албай коёт. Бир тараптан кыргыз жаштары , бир тараптан өзбек жаштары кандуу жүрүш башташат.

Бул кагылышууда 155 адам өлүп , 845 адам жарадар болот , 262 үй , 24 дүкөн , 67 автомашина өрттөлөт.

5-июнь күнү шаар толук жабылып аскер бөлүктөрү киргизилген. 6-июнда шаар толук көзөмөлгө алынат. 7-июнда өзгөчө кырдаал киргизилген.

Ош коогалаңы ошол кездеги партиялык – мамлекеттик органдар кетирген кемчиликтерден улам пайда болгон.

Социализмди куруу боюнча өзгө өлкөлөргө өрнөк болуп жатабыз деген ой пикирлер убакыттын өтүшү төгүнгө чыга баштады.

Коомдогу кемчиликтерди жаап- жашыруу , пайда болуп жаткан жат көрүнүштөр жаңы коомду курууда өзүнөн-өзү жок болуп кетет деген жаңылыш пикирлер чоң катачылык болуп жатты

Кыргыз элине бүтүндөй жат болгон көрүнүш аракечтик жана масчылык күн сайын өсүп жатты.

“Ооруну жашырсаң өлүм ашкере кылат” дегендей бул көрүнүш коомдо кенен жайыла баштады о.э. бийлик органдары да бул маселени курчуп бараткандыгын моюнга алышты. Статистика боюнча бешиктеги баладан чал кемпирге чейин эске алганда 60 бөтөлкөдөн арак чыгарылып баары сатылып кеткен жада калса жетпей да калып жатты. 1980-жж СССРде40млн аракеч болуп , бул СССРдин жетинчи адамы аракеч дегени эле. Ал эми Кыргызстанда болсо 100миң адамга 838 аракеч туура келип башка өлкөлөргө караганда 2 эсе көптүгүн көрсөткөн.

Бул маселеге чара көрүүдө жогортон адмнистрациялык буйрукчул ыкма менен күрөш башталып , алгач айрым район , областтар , анан Республика “Сергектик зоонасына” айландырылды.

Бул саясат маселени чечмек тургай кайра коомдо дагы бир жат көрүнүштөрдүн келип чыгышын шарттады.

“ Сергек зоонасына” айланган аймактарда баңгилик менен таксикомания жайыла баштады. Аракка болгон тыюу салуу наркоманияга түшүнүк берүү иштери менен коштолгон эмес.Айрыкча бул кыргыз жергесинде күч алган. Статистика боюнча баңгилик жана таксикомания боюнча катталгандардын саны боюнча СССРде 2-орунда турган.

Айрыкча Ош , Ысыккөл , Сокулук райондорунда баңгиликтин саны кескин түрдө өскөн.

1980-ж Кыргызстандын аймагында 4миң гектарга кара куурай эгилип , аны жок кылуу иши 10-15 жылга созулган. Анткени кара куурайдын уругу көп болгондуктан жоготуу көпкө созулган.

Эл турмушундагы жат көрүнүштөр коомдо кылмыштуулуктун өсүшү менен шартталган. Кылмыштуулуктун жылдык өсүшү боюнча Кыргызстан алдыңкы 4 Республиканын катарына кирген ( Алар:Молдавия , Литва , Өзбекистан жана Кыргызстан )

Өлкөдө кылмыштуулуктун адам өлтүрүү , кол салуу , мал-мүлкүн тоноо , ууручулук түрлөрү катталган. Жадакалса аял затын ыйык туткан элибизде аялдарды кордоо , зордоо кылмышы көбөйгөн. Экономикага байланышкан көп кылмыштар жазылбай калган.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кылуу керек эле ? | өзбек улуту түзөрүн , алар кысымга алынып жатканды-<br>гы жана кыргыз ССРнин кура-<br>мындагы Ош автаномиялуу областын түзүүнү сунуш кылыш-<br>кан.<br>6.Жер участкасын алуу үчүн талашка түшкөн жерде эки улуттун жаштары кандуу кагылышуу баштаган.<br>7. Окуучулар өз ойлорун айтышат. | |
| Жыйынтыктоо | Сабактын максатына кайрылуу<br>Бүгүнкү сабакка ой пикириңер | Ар бир топтон бирден окуучу өз ойлорун билдиришет | |
| Үй тапшырма берүү | 22 окуп Аксакалдардын бийликке жазган катына өз көз карашыңарды жазып келүү. | Эссе жазып келишет | |
| | | | |


КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫ
25.02.2019-ж
Социалдык маселелердин курчушу.




г.Ош 2010 год